**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ӨЗГӨН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**ЖОРОБЕК АБДРАСУЛОВ АТЫНДАГЫ №1 ОРТО МЕКТЕБИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УЗГЕНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**СРЕДНЯЯ ШКОЛА №1 ИМЕНИ ЖОРОБЕКА АБДРАСУЛОВА**

# БУЙРУК

2022-жыл “_______” ______________ № ________ Кызыл-Дыйкан айылы

**2021-2022-окуу жылындагы бүтүрүүчү 9-11-класстарынын окуучулары үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 3-мартындагы №66 сандуу буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы “2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө” №264/1 буйругун аткаруу максатында

БУЙРУК КЫЛАМ:

1. 2021-2022-окуу жылы мектепте 2022-жылдын 8-июлунда аякталсын.

2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация 2022-жылдын 11-июнунан 23-июнуна чейин өткөрүлсүн.

3. 9-11-класстарынын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүү боюнча педагогикалык Кеңешмеге 2022-жылдын 3-июнуна чейин классы боюнча жыйынтыктоочу жылдык отчетторун даярдоо бүтүрүүчүлөрдүн класс жетекчилери Г.Акбаровага, Г.Дүйшеевага жана А.Алибаевага милдеттендирилсин.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү төмөндөгүдөй тартипте белгиленсин:
а) 9-классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин 5 сабактан (анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоо) өткөрүлсүн:
- математикадан(алгебрадан) комплекстүү тест (жазуу түрүндө) - 11-июнда
- эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама - 14-июнда
- Кыргызстан тарыхынан (оозеки) - 17-июнда
- орус тилинен комплексттүү тест (жазуу түрүндө) - 20-июнда
- окуучулардын тандоосу боюнча сабактардан (оозеки) - 22-июнунда

б) 11-классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейин 5 милдеттүү сабак боюнча ( анын ичинен 1 сабак тандоосу боюнча) өткөрүлсүн:
- эне тили жана адабиятынан (эссе) - 11-июнда;
- математикадан (алгебрадан) комплексттүү тест (жазуу түрүндө) - 14-июнда;
- орус тилинен комплексттүү тест (жазуу түрүндө) - 17-июнда
- Кыргызстан тарыхынан (оозеки) - 20-июнда;
- окуучулардын тандоосу боюнча сабактардан (оозеки) - 22-июнунда

5. Негизги мамлекеттик сынактын жазуу түрүндөгү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы бекитилген талаптарга ылайык саат 9:00дө башталсын.
6. 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30-майынан баштап 7-июнуна чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясынан зачет өткөрүү дене тарбия мугалимдери А.Айдаровго жана К.Жумабаевге жүктөлсүн.

7. Ар бир предметтен предметтик комиссияларды түзүү окуу бөлүмүнүн башчысы С.Тургунбаевага милдеттендирилсин.

8. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өткөрүүчү предметтик мугалимдерге класс жетекчилер менен биргеликте 2022-жылдын 8-июнуна чейин окуучулардын жетишкендиктери тууралуу (текшерүү иш, диктант, сочинения) практикалык, лабораториялык иштеринин жыйынтыктары жөнүндө предметтик комиссияга отчеттук папка даярдоо жагы тапшырылсын.

9. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №362-1 буйругунун негизинде 1-4, 5-8, 10-класстардын окуучуларын класстан класска көчүрүү педагогикалык Кеңешмеде каралып, буйрук менен бекитилсин.

10. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшү, мугалимдерге усулдук жардамдардын берилиши боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү жана сынактардын өткөрүлүшүнө жоопкерчилик окуу бөлүмүнүн башчысы С.Тургунбаевага жүктөлсүн.

11. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Директор: А.Кадыров